*УДК: 372. 881.1 (575.2) (04)*

***Бекбосунова Н.Б.***
*преп. кафедры общего*
*и русского языкознания*
*БГУ им. К.Карасаева*
*e-mail: nakulina-88@mail.ru*
*тел: 0551 40 26 20*

# КЫРГЫЗ ЖАНА ОРУС ТИЛИНДЕГИ СӨЗ АЙКАШТАР

# СЛОВОСОЧЕТАНИЯ В РУССКОМ И КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКАХ

# PHRASES IN RUSSIAN AND KYRGYZ LANGUAGES

***Аннотация:*** *Бул макалада кыргыз жана орус тилинин сөз айкаштары каралат. Биздин кепте сөз айкашынын кеңири колдонушу айтылат. Алар сөз жүрүп жатканда гана жарала калбастыгы айтылып, сөз айкаштар тилдин сөздүк составдагы кадыресе сөздөр сыяктуу мурдатан даяр түрүндө жашап келе жаткандыгы каралат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Сөз айкаштар, эркин жана эркин эмес, туруктуу сөз айкаштар, синтаксис, фразеологизм.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматриваются словосочетания в кыргызском и русском языках. Говорится о широком применении словосочетаний в нашей речи.*

***Ключевые слова:*** *Словосочетания, свободные и несвободные словосочетания, устойчивые словосочетания, синтаксис, фразеологизмы.*

***Annotation.*** *This article discusses the phrase in the Kyrgyz and Russian languages. It refers to the widespread use of phrases in our language.*

***Keywords:*** *Phrases, free and non-free combinations, set phrases, syntax, idioms.*

Грамматиканын өзгөчө бөлүгү деп эсептелген синтаксис, сөздөрдүн бир-бирине болгон байланышын жана ал байланышуудан келип чыккан ар түрдүү синтаксистик бирдиктерди тактап айтканда: сөз айкаштарды, сүйлөмдөрдү, аларды уюштуруучу тилдик каражаттарды, синтаксистик конструкциялардын грамматикалык түзүлүштөрүн жана түрлөрүн изилдеп үйрөтүүчү бөлүм. Синтаксисти изилдене турган объектилерине карап эки бөлүмгө бөлөбүз: сөз айкашынын синтаксиси жана сүйлөмдүн синтаксиси.

Синтаксистин бирден-бир маанилүү көйгөйлөрүнүн бири болуп, сөз айкаштарын иликтөө жана пайдалануу болуп саналат. Сөз айкаштардын системасын билбей туруп, сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн иликтөөгө болбойт.

Синтаксистик адабияттарда, сүйлөмдөр менен сөз айкаштардын грамматикалык табиятын, алардын өз ара байланышын ар башка окуу жайдын жана багыттардын өкүлдөрү ар кандай кылып талкуулап келишкен. Мисалга келтирсек Ф.Фортунатов жана анын окуучулары, сөз айкаштарды синтаксистин негизги объектиси деп, сүйлөм болсо сөз айкаштардын бир түрү, тактап айтканда бүткөн (аякталган) сөз айкашы деп эсептешкен. Академик Ф.Фортунатовдун сөз айкаштарына арналган иштери, кеңири жайылган. М.Н.Петерсон болсо Ф.Фортунатовдун ой-пикирине кошулуп, «сөз айкашы» деген түшүнүккө сүйлөмдү гана эмес, өзүнчө сөз айкашы болуп эсептелбеген бардык эле сөз топтордун – бир өңчөй мүчөлөрүн, обочолонгон түшүндүрмө конструкцияларын, сөздөрдүн аналитикалык формаларын кошуп караган (1, с. 451).

В.В. Виноградов болсо, башкача көз караш сунуш кылат, ал сөз айкаштарды – номинативдик бирдик деп, сүйлөмдөрдү болсо – коммуникативдик бирдиктер деп эсептеген. Дал ушундай көз караш менен мектептерде жана жогорку окуу жайларда үйрөнүп иликтеп келишет (2, с. 19).

Кыргыз тил илиминде А.Жапаровдун жана А.Турсуновдун эмгектеринде сөз айкаштары боюнча, көптөгөн маалымат тапсак болот. Ж.Ш. Шариев, Н.Б. Бейшекеев, М.А. Аскаров аттуу жана башка көптөгөн кыргыз окумуштууларынын көз караштары жагынан келише албастык болгон. Себеби алар сөз айкашына туруктуу түшүнүк бере алышкан эмес. Ошентсе дагы, сөз айкаштар актуалдуу изилденип келе жатат.

Биздин кеп эки негизги бирдиктен түзүлөт: сөздөн жана сүйлөмдөн. Сөздөр сүйлөм мүчөсү катары келгенде өз ара синтаксистик катышты түзөт. Андай синтаксистик катыш ошол байланышта айтылган сүйлөм мүчөлөрүнүн лексико-грамматикалык табиятына ылайык келип чыгат.

Сүйлөмдүн тутумундагы сөздөр, сөз айкаштар сыяктуу грамматикалык формада туруп, өз ара ар түрдүү маанидеги синтаксистик катышты түзүшөт.

Толук маанидеги эки же андан артык сөздүн багыныңкы байланышынан түзүлө турган сөздөр, туюндурган түшүнүктөрдүн ортосундагы ар түрдүү катышты билдирүүчү сөздөрдүн семантика- грамматикалык бирдиги сөз айкашы деп аталат. Мисалы: ***калай идиш, эски кино, он беш жылкы, мектептин босогосу.*** Бул сөз айкаштары эки сөздүн багыныңкы байланыштарынан түзүлүп, системасындагы сөздөрдү билдирген түшүнүктөрдүн ортосундагы ар кандай маанилүү байланышты, тактап айтканда: заттын эмнеден жасалгандыгын *(калай идиш)*, сапаттык белгисин *(эски кийим)*, сандык белгисин *(он беш жылкы)*, таандык катышты (*мектептин босогосу*) билдирип турат. Бирок сөздөрдүн ар кандай грамматикалык бирикмелерин сөз айкаштар деп айта берген болбойт; бир-бири менен грамматикалык жана мааниси жактан байланыштуу болгон, эки же андан көп толук маанилүү сөздөрдүн бирикмесин айтсак болот. Анткени сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн ортосундагы ар башка синтаксистик катыш толук маанидеги сөздөрдүн айкашы аркылуу гана берилет. Мис: *көк чөп, кооз идиш, мектепте окуу.* Бул сөз айкаштары толук маанидеги сөздөрдөн уюшулган.

Негизи, сөз айкаштар багындыруучу жана багыныңкы болуп экиге бөлүнөт.

Эгерде маанилүү сөз менен жардамчы сөз байланышса, структура жана маани жагынан толук уюшулса, анда өз алдынча сөз айкашын түзө албайт. Мис: *үйгө карай, жумуш тууралу, казандын ичинде, абдан сүйкүмдүү.* Мында толук маанидеги сөздөр менен жандоочтор, жардамчы атоочтор, бөлүкчөлөр айкашкан. Бул өңдүү айкаштар экинчи сөз менен байланыша алса, анда толук сөз айкашы боло алат: *үйгө карай жол алуу, жумуш тууралу сүйлөшүү, казандын ичин тазалоо, абдан сүйкүмдүү келин.* Сөз айкаштары багындыруучу сөзгө, анын маанисин айкындоочу - багыныңкы сөздүн кошулуп айтылышы менен уюшулат. Мисалы *шым - жаңы шым (шым - багындыруучу сөз, жаңы - багыныңкы сөз), портфель - окуучунун портфели, сыйлоо – жаратылышты сыйлоо.* Жогоруда айтылгандай, сөз айкаштардын тутумундагы сөздөрдүн бири экинчисине мазмуну жактан жана грамматикалык жагынан баш ийип турат. Сөз айкашынын багыныңкы түгөйү багындыруучу түгөйүнүн ар түрдүү белгисин көргөзүп турат: Мис. *жибек көйнөк, сары желек, алтынчы орун.*

Сөздөрдүн негизги грамматикалык мазмуну, сүйлөм ичиндеги сөз айкаштардын түзүлүшүндө аныкталат.

Мис: Жогору шаарчада балдар үчүн жаны спорт аянтчасы тургузулду.

Ушул сүйлөмдө сегиз сөз, беш сөз айкашы бар:

А) *спорт аянтчасы тургузулду*

Б) *жаны спорт аянтчасы*

В) *балдар үчүн тургузулду*

Г) *шаарчада тургузулду*

Д) *жогору шаарчада*

Жалпы сөздөрдү, синтаксистик эрежелерине жана маанилерине карай лексикалык жана грамматикалык топко бөлсөк болот. Кыргыз тилинин соз айкаштарын: эркин жана туруктуу деп бөлөбүз . Эркин сөз айкаштарын синтаксиске кирет, туруктуу сөз айкаштар болсо фразеологияда иликтенет. Эркин сөз айкаштары, составындагы сөздөр менен структура жана мааниси жагынан дал, ылайыктуу келген сөздөр менен айкашат жана ар дайым туруктуу сапатка ээ болбойт. Туруктуу сөз айкаштарды болсо фразеологизмдер (идиомалар) деп атайбыз

Кыргыз жана орус тилдеринин сөз айкаштарын - атоочтук (именные словосочетания) жана этиштик (глагольные словосочетания) деп бөлөбүз.

Атоочтук сөз айкаш, багындыруучу түгөй менен өз ара конкреттешип, зат атоочтук (словосочетания с именем существительным), сын атоочтук (с именем прилагательным), сан атоочтук (с порядковыми числительными), ат атоочтук (с местоимениями) жана тактоочтук (с наречиями) болуп бөлүнөт.

Атоочтук сөз айкашка төмөнкүлөр кирет:

1. Зат атооч
2. Сын атооч
3. Ат атооч
4. Сан атооч
5. Тактооч

Эркин сөз айкаштарынын болсо кандай гана системасы болбосун, эки элементин айырмалап кароо зарыл, алар- багынтуу түгөйү жана багындыруучу түгөйү.

Эркин сөз айкашынын гранитин түзүп, багындырган түгөйү атооч сөздөрдөн болсо, анда аларды атоочтук сөз айкаштар дейбиз. Мис: Ааламда эң чоң дарыя - Нил.

Кыргыздын бермети болгон Ысык-Көлдүн тереңдиги жети жүздөн ашат.

Улуу ишке улуу тилек – жоро.

Ал эми эркин сөз айкаштын багындыруучу түгөйү этиштен турса алар - этиштик сөз айкаштар деп аталат.

Этиштик сөз айкашы – башкаруу, таандык, ыкташуу жолу аркылуу байланышат:

- башкаруу жолу: *Элге сүйгүнчүктүү болом десең, элиңди сүйө бил*

- таандык жолу: *Жаш чыбыктын ийилгени - сынганы*

- ыкташуу жолу: *Баатыр чөлдө өлбөйт, балык көлдө өлбөйт.*

Сөз айкаштар маанилүү, толук сөздөрдөн турса жөнөкөй сөз айкаштар болуп эсептелет мисалы: *кабар жөнөтүү, аз уктоо, сулуу кыз.* Кээ бир изилдөөчүлөр бул жерге, түгөйлүү, татаал сөздөрдөн турган сөз айкаштарды дагы кошуп келишет мисалы: *алп кара куштун тырмагы.* Бул көз караштын туура деп эсептейбиз, себеби татаал сөздөр дагы жөнөкөй сөздөрдөй эле бир лексикалык маанини берет.

Татаал сөз айкаштар деп – мааниси толук сөздөргө кызматчы сөз кошулса, бир түгөйү идиомалардан турса, жана ошондой эле бир түгөйү ажырагыс тизмектен түзүлсө алар татаал сөз айкаштар деп аталат.

Орус тилинин сөз айкаштары, башкы сөздөрдүн морфологиялык таандыгы жана парадигманын тиби боюнча алты типке бөлүнөт:

1) субстантивные (багындыруучу сөз – зат атооч) *мисалы.: Балыкчы жигит - парень рыбак.*

2) глагольные (багындыруучу сөз – этиш); мисалы.: Бербес адам укпас. - Кто не хочет дать, тот не слышит.

3) адъективные (багындыруучу сөз – сын атооч); мисалы.: Калпычы адам – жансыз көлөкө. - Обманщик – бездушная тень.

4) наречные (багындыруучу сөз – тактооч); мисалы: Ылдам келди – Пришел быстро.

5) количественные (багындыруучу сөз – сан атооч); мисалы.: Кур дегенде экинчи курсту бүтөлү. – Хоть второй курс окончим.

6) местоименные (багындыруучу сөз – ат атооч). Демек, бизге таандык. – Следовательно, относится к нам (принадлежит нам).

Сөз айкаштарды түзүп жатканда, фразеологизмдерди дагы колдонобуз: мисалы: *буту жерге тийбей иштейт. Кулагынан күн көрунуп турат.*

Жыйынтыктап айтканда:

- сөз айкашы экиден кем эмес толук маанилүү сөздөн турат: маанилик, грамматикалык жактан уюмдашкан сөздөрдүн тобу болуп саналган бөлүктөргө, айрым сөздөргө жана сөз тизмектерине ажырабай турган касиет бар.

-сөз айкашында кабарлоо интонациясы менен предикативдик катыш (кабардын айлана- чөйрөдө болуп жаткан чындыкка карата болгон катышы) болбойт.

-сөз айкашында (сүйлөмдө кабарлашып жаткан ойдун аяктаганын билдирүүчү жак, чак, модалдуулук сыяктуу) грамматикалык категориялар жок.

***Адабияттар***

*1. Алиева А.В. Аспектный анализ синтаксически неделимых словосочетаний в современном русском языке. - Баку. 1992.*

*2. Фортунатов Ф.Ф. О преподавании грамматики русского языка в средней школе.- Избранные труды, т.2. М.,1957.*

*3. Петерсон М.Н. Очерк синтаксиса русского языка. - М.,1923.*

*4. Виноградов В.В. Вопросы изучения словосочетания//Вопросы языкознания. - 1954. №3.*

*5. Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.: Мектеп, 1979.*

*6. Иманов А. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Б., 1990.*